УДК: 323.28.
DOI: 10.35254/bhu.2019.48.8

Ишчи Арманбек
К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин аспиранты
Бишкек шаары

ЖАПОНИЯНЫН УЮЛДАР САЯСАТЫ

ПОЛИТИКА ЯПОНИИ В ОТНОШЕНИИ ПОЛЮСОВ

JAPAN'S POLICY FOR POLES

Аннотация. *Акыркы жылдардын ичинде Түндүк жана Түштүк уюлдардын мааниси эл аралык аренада жогорулашында күмөн жок. Жапония да Түндүк Уюлдун тарабына көңүлүн буруп, натыйжада бул региондо өлкөнүн кызыкчылыктарына ылайык келген улуттук саясат иштелип чыкканы таң калтырбайт. Арктика кеңешинин мамлекеттери менен кызматташууну өнүктүрүп, 2013-жылдан тартып Жапония Арктика аймагында негизги акторлордун бири болуп саналат. Макалада Жапониянын Түндүк уюлга карата саясаты каралат, бул аймактын табигый байлыктарын, өзгөчө энергия ресурстарын колдонуу боюнча эл аралык документтер көрсөтүлөт.*

Түйүндүү сөздөр: *Жапония, Түндүк уюл, Арктика кеңеши, улуттук саясат, энергия ресурстары, мөңгүлөр.*

Аннотация. *Нет никакого сомнения в том, что за последние годы возросла значимость Северного и Южного полюсов на международной арене. Неудивительно, что и Япония обратила свой взор в сторону Северного Полюса, в результате чего была выработана национальная политика, которая соответствует интересам страны в данном регионе. Развивая сотрудничество с государствами Арктического совета, Япония с 2013 года считается одним из основных актёров в арктическом регионе. В статье рассматривается политика Японии в отношении Северного полюса, приводятся международные документы относительно пользования природными богатствами данного региона, в особенности энергоресурсами.*

Ключевые слова: *Япония, Северный полюс, Арктический совет, национальная политика, энергоресурсы, ледники.*

Abstract. *There is no doubt that in recent years the importance of the North and South Poles has increased in the international arena. It is not surprising that Japan turned its eyes towards the North Pole, as a result of which a national policy was developed which corresponds to the interests of the country in the region. Developing cooperation with the states of the Arctic Council, Japan since 2013 is considered one of the main actors in the Arctic region. The article discusses the policy of Japan in relation to the North Pole, provides international documents on the use of the natural resources of the region, especially energy.*

Keywords: *Japan, the North Pole, the Arctic Council, national policy, energy, glaciers,*

Киришүү. Азыркы учурда дүйнөдө таасирдүү болгон глобалдашуу, глобалдык ысуу сыяктуу ж.б. өзгөрүүлөр Арктика чөлкөмүнө болгон кызыгууну акыркы он жыл ичинде дагы да арттырды. Өзгөрмөлүү дүйнө тартибине ылайык Жапония да Түндүк уюлуна байланыштуу жаңы политикаларды иштеп чыгып, аларды жүргүзө баштады. Алгач экономикалык пайдаларды биринчи орунга койгон Жапония Арктика өлкөлөрү менен байланышын чыңдай баштады жана Арктика Кеңешине мүчө болуп, 2013-жылдын май айынан тарта бул чөлкөмдөгү таасирдүү мамлекеттердин катарына кошулду.

Азыркы учурда күн өткөн сайын күчөгөн маселелердин бири жаратылыш ресурстары жана энергия булактарынын азайуусу болуп эсептелет. Бул маселенин тегерегинде өзгөчө бул булактарга көз каранды мамлекеттер ой жүгүртүп, чечүү аракетин жасай башташты жана Арктика чөлкөмүндөгү жер алдындагы баалуулуктарды таба башташты. Бул аймак болгону жер алдындыгы баалуулуктары менен актуалдуу болбостон, географиялык өзгөчөлүгү менен да көңүл чордонунда болуп турат. Анткени чоң деңиз соодасы флоттарына ээ өлкөлөр бул аймакты колдоно башта-

са, жаңы, дагы да кыска жолдордун болоруна жана бул чыгашаларды азайтарына көзү жетип турат. Бул аймак боюнча бир нече өлкө сөз атасы болууга аракеттенсе да мен бул изилдөөдө карай турган өлкөлөр: Кытай, Түштүк Корея жана көбүнчө Жапония болот. Азия өлкөлөрүнүн бир бөлүгүн түзүп турган бул өлкөлөрдүн тандалып алынышынын себеби бул өлкөлөрдүн географиялык жана экономикалык жактан Арктика конкурсуна катыша ала турган деңгээлде боло алгандыгы болуп эсептелет.

Глобалдашкан дүйнөдө уюлдардын маанилүүлүгү артууда. Азыркы дүйнө басымдуулугу Орто Чыгыштан уюлдарга карай багыт алууда. Уюлдарда мөңгүлөрдүн алдында аябай маанилүү жер алдындагы булактардын бар экендиги айтылууда. Бул абал уюлдардын келечектеги тең салмактуулугун өзгөртөөрүн көрсөтөт. Албетте бул жерде али табыла элек болгон булактардын бар болушу эларалык күчтөрдүн көңүлүнүн бул жерге көп бурулуусуна себеп болууда. Мына, бул жер боюнча политика жүргүзгөн мамлекеттердин бири Жапония. Макалада Жапониянын бул чөлкөм боюнча түзүп чыккан долбоорлору боюнча маалымат берилет. Жапониянын бул долбоорлор алкагында бул жерде пайда табууну көздөгөн эларалык күчтөр менен түзгөн келишимдер жана кызматташтыктарын белгилөөгө аракет жасалат.

1.Уюлдарга байланыштуу политикалар

Акыркы беш жыл ичинде сегиз Арктика өлкөлөрү тарабынан жылына бир жолу жарыяланган көп нерсени камтып турган Арктика стратегиялары бар. Бул аймакта көбөйгөн саясий кызыгуу көңүлдү бурбай койбойт. Бул иште Арктика мамлекеттери жана бул мамлекеттердин аймактагы политикалары изилденет.

«Түндүк уюл өлкөлөрүнүн ортосунда коопсуздук, ээлик кылуу, экономикалык жана иш өнүктүрүү, туруктуу жана аймактык өнүгүү, айлананы коргоо жана климаттык өзгөрүү, коопсуздук, издөө жана куткаруу иштери, инсандык аспект жана элдер, изилдөө жана маалымат, эларалык байланыштарда окшоштуктар жана айрымачылыктар бар. Кыскасы, Түндүк уюлга тиешелүү политика жүргүзгөн өлкөлөрдүн стратегиясы жана кызыкчылыктары ар түрдүү.»

Арктика политикаларынын алгачкылары айырмачылык көрсөтсө да, ар бир Арктика мүчөсү болгон улут эгемендүүлүгү жана коргоо, булак өнүктүрүү, жүк ташуучу жолдор жана айлана-чөйрөнү коргоо маселеси боюнча кыжалат болууда. Түндүк уюлда бир нече чек ара жана ресурс боюнча түшүнбөстүктөр маселеси чечилбесе да Арктика улуттарынын аймакта тынчтык жана кызматташтыкка багытталган кенен консенсус ичинде жайгашкан политика директивдери көңүлдү бурбай койбойт. Ошондой эле алар Арктика сууларында жүк ташуу, туризм жана ресурстарды өнүктүрүүгө тиешелүү регламенттер боюнча келишимдерге кепил болууга аракет жасашкан.

Түндүк уюл жана Түндүк аймагындагы иш-чаралар боюнча улуттук стратегиялар жана мамлекет политикаларынын акыркы абалы Арктика өлкөлөрүнүн сегиз өкмөтү тарабынан көбөйтүлгөнүн көрсөтүүдө. Өздөрүнүн түндүк аймактарына багытталган бул мамлекеттер менен биргеликте бүткүл Арктикага кызыгуусу болгон аймактар тарабынан ошол эле аракет жасала баштаган. Кытай, Жапония жана Азиядагы Түндүк Корея баш болуп, аймак тышкары бир нече күчтөр, Европа Биримдиги; Франция, Германия, Англия сыяктуу өлкөлөрдү мисал катары көрсөтүүгө болот. Бул салыштырылышы керек болгон абал, себеп дегенде Арктика аймагына болгон кызыгуу Арктика өлкөлөрү тарабынан 1990-жылдардын башында пайда болгон. Түндүккө болгон кызыгуунун күчөшү азыр өтө ачык эле көрүнүп турат. Бул жерде болгону эки өлкө (Канада жана Норвегия) “Ачык Арктика политикасы” менен Түндүк уюл өлкөлөрү менен биргеликте күндемдери жана өнүгүп келе жаткан Арктика стратегиялары жана политикалары белгиленип турат.

Изилдөө иштин жыйынтыгында каттоого боло турган маалыматтар талкууланат. Арктика чөйрөсүндө 21-кылымда мультифункционалдуу жана глобалдык өзгөрүүлөр, геополитикалык жана экономикалык өзгөрүү менен биргеликте Түндүк коопсуздугунун орнотулушу да маанилүү маселе. Канада, Финляндия, Исландия, Швеция жана АКШ бул кызыгуулардын негизги себеби катары потенциалдык жыйынтык катары эгемендүүлүк, коопсуздук тобокелдерди жана коркутууларды, тар жана кенен климаттык өзгөрүүлөрдөн улам дүйнөнү коркутуу иши катары белгилешүүдө. Финляндия жана Исландия буга каршы биологиялык ар түрдүүлүктү жана адамдык өлчөмдү да баса белгилөөдө.

Азыркы күнгө чейин Арктика Кеңешине мүчө өлкөлөр бул темага байланыштуу мыйзамдуу байланыштыруучу каражат катары эки келишимге кол коюшту: биринчиси 2011-жылы түзүлгөн аймактык издөө жана куткаруу келишими, экинчиси 2013-жылы түзүлгөн Кытай, Жапония, Сингапур, Түштүк Корея сыяктуу өлкөлөр мүчө болуп жатканда “деңиздердеги мунай кири боюнча даярдык жана күрөшүү келишимине” кол коюлган.

1.1. Жапониянын Арктика Политикасы: Бир нече бөлүктөрдүн топтому

Кытай жана Түштүк Корея сыяктуу Жапониянын Түндүк уюлундагы кызыкчылыгы күн өткөн сайын артууда. Жапония Арктика чөлкөмүн илгери эле таап чыккан жана Жапониянын уюлду изилдөө боюнча көп жылдык өтмүшү бар. Бул абалдын кабыл алынышы Жапония өкмөтү тарабынан колдоого алынууда. Бирок Жапония өкмөтү бириккен бир стратегияга кошумча иштеген бир бириккен, кайчылаш министирлик кызмат күчүн түзгөн жок. Жапон өкмөтүндө министирлердин горизонталдуу кызматташтыгы өтө аз. Ыкма, иш жана өндүрүш кызыкчылыктарынын көп учурда критикалык рол ойноосу белгилүү өзгөчөлүктөрүнөн улам болот. Жапония маанилүү каржылык же логистикалык мүмкүнчүлүк алуу үчүн Арктика өтө морт деген жыйынтыкка барышкан жана борбордук стратегия түзүү үчүн өкмөткө жетиштүү талапты койгон эмес. Жапониянын Арктика чөлкөмүндөгү жаратылыш ресурстарынан пайдалануу үчүн мыйзамдуу түрдө таянган укугу жок, ошол себептен чектеш мамлекеттер менен кызматташуу жолу менен эларалык изилдөө жана өнүктүрүү иштерине тынчсыздануу менен аралашууда. Деңизчилик секторунун көз карашы убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү мүмкүн жана энергия коопсуздугу үчүн Жапония өкмөтүнүн түзүлүшү бул көз караш менен алып караганда 2011-жылы атомдук авариядан улам коопсуздук жана кызмат-

таштык маселелерин жараткан. Жапониянын Арктика политикасынын инклюзивдүү амбициясы кызыкчылыктарынын коопсуздугун сактоо үчүн келечекке карай эгилүүчү дандай экен.

Жапония 1957-жылдан азыркы күнгө чейин ушул нерсе менен алектенүү аркылуу уюлдарда изилдөө ишин жүргүзүүгө аракет кылган бир нече Батыштык эмес өлкөлөрдүн бири болгон жана өзгөчө Антарктикага маани берген.

1990-жылы Жапония расмий түрдө Арктиканы изилдөө тобуна кошулган. Батыштык эмес Арктика өлкөсү катары Эларалык Арктика Илимий Комитетине (IASC) мүчө болду. Уюлду изилдөө Институту, Улуттук Арктика изилдөө борборун курууга фундамент даярдаган. (NIPR) Өкмөт толук түрдө Арктика Кеңешинин туруктуу көзөмөлчүсү статусун алуу үчүн катышты. Ошол күндөн тарта Түндүк Уюлга байланыштуу политика жүргүзө баштаган. Азыркы учурда Жапониянын өкмөтү Арктика боюнча борбордук стратегияга ээ көрүнбөйт, болгону кызматташтык үчүн ишмердүүлүк кылууда.

1.2. Арктикага тиешеси болгон акторлор

Жапониянын башкаруу системасы жана политикалык иш-аракеттерине ылайык Түндүк уюлга байланыштуу политикаларды жүргүзө турган министирликтер төмөндө көрсөтүлдү:

• Билим, маданият, спорт, илим жана технология министирлиги илимий изилдөөлөр менен алектенет.

• Тышкы иштер министирлиги (ТМ) Арктика дипломатиясы менен алектенет.

• Аймак министирлиги, инфраструктура, транспорт жана туризм изилдөөлөрү менен алектенет.

Азыркы учурда Арктика изилдөөлөрү Жапониядагы 10 университет жана изилдөө институту тарабынан жүргүзүлүүдө.

Алар ичинен:

• Полярдык изилдөө улуттук институту (NIPR): Жапониянын Арктика изилдөө борбору болуп эсептелет. Арктика изилдөө борбору жана Норвегия көзөмөлдөөчү бөлүмдөрү иштейт. Арктика жана Антарктика боюнча бир нече салыштырмалуу изилдөө долбоорлору да бар.

• Деңиз – дүйнөлүк илим жана технология (JAMSTEC) Жапония агентиги: жалпысынан Түндүк уюлу боюнча изилдөө программасы болуп эсептелет.

• Жапония космостук ачылыштар агенттиги (JAXA): муну колдонуу менен деңиз суусунун айлануусу, булгоочу газдардын таасири жана жеке спутниктерди көзөмөлдөө иштери жасалат.

Аймак, инфраструктура, транспорт жана туризм министирлиги (MLIT) Арктикага байланыштуу жүк ташуу иштери боюнча милдеттүүлүктү алган. Түндүк деңиз жолуна байланыштуу политикасын жүргүзүп, бул боюнча маалыматтарды алып турат. 2012-жылдын март айында Аймак, инфраструктура, транспорт жана туризм министирлиги коопсуздук жана кызматташтыкты орнотуу үчүн политикаларын жарыялаган. Коргоо министирлиги (MOD) Арктика коопсуздугу менен өз иштерин жүргүзүүдө. Уюл Изилдөө Улуттук Институту (NIPR) уюлдарда изилдөө ишин жүргүзүүдө. 1970-жылдардан бери Түндүк уюлдун жогорку жана супер жогорку атмосфераны изилдеп жатат. 1992-жылы Арктика көзөмөлдөө борбору түзүлгөн.

Уюлдарда деңиз иш-аракетин жүргүзүү үчүн Жапония өкмөтүнүн күчүн карай турган болсок, Жапония үч муз сындыруучу техникага ээ; Ширасе, Соя жана Тешио. Ширасе Япония деңиз жеке коргоо күчтөрү (SDF) көзөмөлү алдында турат. Ошондуктан аймагында укуктук кысымдар бар. Азыркы учурда Жапония жеке коргоо күчүнө кошумча катары Ширасе болгону бир булак катары колдонулат. Жогоруда да белгиленип өткөндөй эле, Япония тышкы байланыштар арасында Арктика аймагында илимий жактан өзгөчө кызыгуусун көрсөткөн. Кансыз согуш учурунда Түндүк уюл эларалык Арктика Илимий комитетине(IASC) катышкан. Үч жылдан соң Кеме жана океан фондунун жетекчилиги менен 6 жылдык изилдөө долбоорун башташкан. Кийин бул долбоорду Эл аралык Түндүк деңизинин жол программасы (INSROP) деп аташкан. Жапония бул долбоорду жеке фонддордун каржылоосу жана алар менен кызматташуу аркылуу ишке ашырган. Булардын бирөөсү «Nippon» фонду болуп эсептелет. Ошол эле учурда Кеме жана океан фонду тарабынан Жапония Түндүк деңиз жолу программасы ишке ашырылган. Ошол эле учурда 2004-жылдын декабрь айында министилердин карамагында Илим жана технология политика кеңеши жыйын өткөрүп, Дүйнөнү көзөмөлдөө жана таныштыруу стратегиясы боюнча келишимге кол коюшкан. Муну жүзөгө ашыруу үчүн Жапония максатын көздөө менен уюлдар политикасын жүргүзө баштаган. Бирок Арктика маселеси 2009-жылга чейин Жапония үчүн коомдун көңүлүн өзүнө бурган бир маселе боло алган эмес. Апрель айында Жапония тышкы иштер министиринин орун басары мамлекеттин 50 жылдыгында расмий бир билдирүү калтырган. Антарктика келишиминде дайымдуу көзөмөлчү статусун алуу үчүн кайрылууда Жапониянын максаты боюнча айткан. Арктика кеңеши 2009-жылдын июль айында Жапон өкмөтү тарабынан Арктика кеңеши дайымдуу көзөмөлчүсү статусун алуу үчүн расмий түрдө кайрылуусун кабыл алган. 2010-жылдын ноябрь айынан бүгүнкү күнгө чейин Жапония өкүлдөрү Арктика кеңешинин жыйындарына катыша башташкан. Бул кадамдар өлкө алкагында көөлөмдүү илимий изилдөө долбоорлору тарабынан колдоого алынууда. Жапония 2010-жылдын март айында институттук кызматташуу маселеси боюнча даярдаган отчетун тапшырган. 2010-жылдын июль айында Арктика изилдөө, сыноо жана иштөө тобу түзүлгөн. МЕХТин ичинде 2010-жылы август айында курулган изилдөө тобу отчет даярдашкан. Политикаларды жүргүзүүнү оңойлотуу максатында Арктика айлана-чөйрөсүн изилдөө консорциумун куруу сунушун киргизген. Тиешелүү изилдөө мекемелеринин ортосунда Арктика изилдөө ишине байланыштуу кызматташтыкты чыңдоо керек эле. Арктика климаттык өзгөрүүсүн изилдөө программасынын өнүктүрүлүшү боюнча да сунуш киргизилген жана ошол эле учурда бул мекемелерди фонд менен камсыз кылуу максатында ар кандай иш аракеттерди аткарышкан. Бул уюмдардын финансысын 2015-жылга чейин көбөйтүү максатталган. Бул финансынын негизги таянганы Арктика айлана-чөйрөнү изилдөө боюнча Жапония консорциуму (JCAR) болгон. Бул 2011-жылдын май айында NIPR га караштуу түзүлгөн. Ошол эле учурда 2011-жылдын апрель айында Коргоо изилдөөлөрү

улуттук институту Түндүк уюлдун келечеги боюнча жылдык отчетун жарыялаган. Түндүк уюлунун келечеги боюнча бир бөлүмгө ээ болгон Чыгыш Азия стратегиясына 2011-жылы боюнча жалпы көз караш темасындагы отчет көпчүлүктүн көңүлүн бурган. Жапония өкмөтүнүн түзүлүшү жалпысынан Жапония алкагы боюнча алганда жакшы маанайда кабыл алынган.

1.3. Көмүскө план

Мындан мурун да айтылып өткөндөй эле Түндүк уюлда Жапониянын кызыкчылыктарын бир нече топко бөлүп кароого болот. Арктика политикасы азыр бир мамлекеттик кызмат катары каралууда. Жапония «темир үч бурчтук» саясатчылары жана авторитардык уюм болгон иш акторлору буга чоң таасир тийгизүүдө. Бул акторлордун биригүүсү да болушу мүмкүн, бирок барынан мурун үч бурчтуктун элементтерине көңүл бурулууда. Кандайдыр бир иш-аракет жасалганда бул иш боюнча келишим катары колдонулат. Уюлдардын корголуусу жана Арктика айлана-чөйрө түшүнүгү, өкмөт үчүн биринчи планда турат. Жапония маселеге байланыштуу төмөкүдөй билдирүү калтырган: «Арктикада кызматташтык курууну пландап жатабыз. Түндүк уюлда муз каптаган аймактар климаттык өзгөрүүдөн улам барган сайын азайууда. Бул терс абалды өзгөртүү жана глобалдык деңгээлде экономикага болгон таасирин токтотуу максатында иштеп жатабыз.» Көрүнүп тургандай эле Жапон өкмөтүнүн көз карашы Арктиканын «бардык өлкөлөрдүн орток жери» катары кабыл алынышы керек экендигин баса белгилөөдө. Бул аймактар адам баласынын мурасы жана эл аралык коомдор бул аймакты коргоо жана тынчтык ичинде колдонууну көздөйт. Ошондуктан Жапония бул аймакты коргоо үчүн эларалык коомдун бир бөлүгү катары бул маселе боюнча керек болгон иш-аракеттерди жасайт.

1.3.1. Экономикалык жактан

Жапония дүйнөнүн эң чоң соода жүргүзгөн өлкөлөрдүн алдында келген, бирок бир нече жаратылыш булактарына жакыр өлкөлөрдүн бири болуп саналат. Ошондуктан жаратылыш навигация маселесине жана Түндүк уюлдагы жаратылыш ресурстарына өзгөчө мамиле жасоодо. Жапония жана Европанын ортосундагы жүрүүчү жолду кыскартуу иштери дале улантылууда. Жаңы ойлонуп чыккан долбоор аркылуу бардык маселелер белгилүү өлчөмдө азайтылышы мүмкүн. Түндүк уюлдагы жаратылыш ресурстары боюнча маанилүү кадамдар жасалууда.

1.3.2. Коопсуздук жагынан

Жапониянын өкмөтү Түндүк уюлда Жапон деңизи болоорун талап кылуучу кандайдыр бир шартты түзүүнү пландабайт. Жеке коргоо күчтөрү Жапон кемелерин талаптар боюнча кабыл алат. Аймакта коопсуздукту сактоо жана текшерүүгө алуу үчүн бул биринчилерден болуп жасалуучу аракеттер болуп эсептелет. Бирок SDF деңиз сектору жана коопсуздук менен алектенбейт. Ушул себептен улам Арктика океанынын туруктуу колдонулуусу Жапонияга пайда алып келет. Мүчө болгон Арктика өлкөлөрү менен кызматташтык куруу жана келишүү жолу менен маалымат жана муз сындыруучу технологиясы менен ар кандай багытта чектеш өлкөлөр менен биргеликте аракет кылуусу Жапония үчүн пайда алып келет. Ошондой эле Жапонияда болгон атомдук кырсыктардан кийин алар үчүн коопсуздук жана энергия маселелери негизги планга коюлуп, Түндүк уюлдагы баалуулуктардын пайдалануу аракетин тездетишкен.

1.3.3. Башкаруу жагынан

Жапония Арктика океаны менен чектешпеген өлкө жана Шпицберген келишиминин алкагында берилген укуктарга таяна турган болсок, Жапониянын эларалык мыйзам боюнча кандайдыр бир жер тилкесин талап кылууга укугу жок. Жапония эларалык платформада Түндүк уюл өлкөлөрү менен кызматашууну каалаган. Арктика кеңеши дайымдуу көзөмөлчүсү статусун алуу каалоосу алкагында Жапониянын аракети индоссамент жасалган. Кийин Канада (2010-жыл май айында) жана Норвегияда (2011) Токиодо Норвегия жана Финляндиянын элчилери тарабынан Арктика политикасын талкуулоо максатында конференция уюштурулган. Илимий изилдөөлөр негизинен Канада, Норвегия жана Орусия менен кызматташуу аркылуу жүргүзүлүүдө. Жапония өкмөттүк башкаруусу, иш жана өндүрүшү өзгөчө характеристикалык кызыкчылыктары мамлекеттик политикасынын түзүлүшүндө критикалык рол ойнойт, ошол эле учурда Жапониянын Түндүк уюл политикасын да көрүүгө болот. Арктиканын коомго пайда алып келиши кыска мөөнөттө белгилүү болбосо да узун мөөнөттө байкалып калган.

1.4. 21-кылымдагы Жапония

Арктика кеңешинде көзөмөлчү мүчө болгон өлкөлөрдүн арасынан Чыгыш Азия өлкөлөрү Арктика аймагына байланыштуу кызыгууларынын акыркы жылдарда күчөгөндүгүн айтууга болот. Бул боюнча Кытай, Жапония жана Түштүк Корея Кеңеште дайымдуу көзөмөлчү статусун алуу үчүн аракет жасап, 2013-жылы май айында өз максатына жеткен. Үч өлкөнүн да Кеңештин дайымдуу көзөмөлчүсү статусун алуунун аркасында; глобалдык ысууга байланыштуу экологиялык өзгөрүүлөргө байланыштуу маселелерди чечүү процессине катышуу, аймактагы деңиз жолу аркылуу өтүүдө артыкчылыкка ээ болуу жана жаратылыш ресурстардын ачылышы менен аларды иштетүүдө бир үлүшкө ээ болууга аракет кылуу максатынын бар экенин айтууга болот. 1993-жылы өкмөттөр аралык форум катары түзүлгөн Баренцево Евроарктикалык кеңеши аймакка байланыштуу иш-аракет жасаган башка эл аралык уюм болуп эсептелет. Азыркы учурда бул уюмдун мүчөлөрү Финляндия, Исландия, Норвегия, Дания, Швеция жана Орусия Федерациясы болуп эсептелет, Канада, АКШ, Франция, Улуу Британия, Италия, Голландия, Германия, Жапония жана Польша да көзөмөлчү өлкө катары уюмда мүчө болуп эсептелет. Бул уюмдун колго алган долбоорлорун кыскача карай турган болсок, чөйрөнүн корголуусу, жергиликтүү калктардын жашоо шартынын жакшыртылуусу, жаш ишкерлерди аймакка байланыштуу инвестиция кылууга чакыруу, аймактагы инфраструктура кызматтарынын жана балыкчылык иш-аракетинин өнүктүрүлүшү сыяктуу кызматташтыктарга салыштырмалуу дагы да оңой болгон тармактарды карап чыгып, бирок энергия булактарынын табылышы жана иштетилиши боюнча маселелерге маани берилбей жаткандыгын айтууга болот.

Үстүбүздөгү кылымда Чыгыш Азия эң чаташкан геополитикалык аймактардын бири болуп эсептелет жана чаташкан, бири-бирине көз карандылык болуу,

конкуренциянын жыйынтыгында Арктика эларалык мамилелерде орун табууга аракет кылууда. Деңиз өлкөсү болгон Япония, түздөн түз жана кыйыр түрдө АКШ менен стратегиялык дал келүү жолу менен Арктикада таасирдүү бир өлкө болууга аракет жасоодо. Кытайдын потенциалдуу ролу жана кызыкчылыктарынын каршысында бул аймакта Япониянын стратегиялык туруктуулук көрсөтүүсү жана Токионун мүмкүн болушунча Арктика политикаларын жана кызыкчылыктарын көрсөтүүсү белгиленүүдө.

Япониянын бул Арктика саясаты көрүнүктүү өкмөттөр аралык көз караштары карманганы кызык болууда. Ичинде эларалык мамилелердин Япония Институту тарабынан Япония өкмөтүнүн талабы менен жасалган изилдөө жана анын жыйынтыгында берилген сунуштар Арктика күчүнүн конреттүү тең салмактуулук орнотулган эмес, ошол эле учурда өнүгүп жаткан жана өнүккөн политика аймагы экендигин көрсөтүп турат. Бул динамикалык байланышта Япония тиешелүү актор болууда. Сунуштар структуралык форматта белгиленген; өкмөттөр аралык адамдар үчүн ар кандай артыкчылыктарга концентрация болуу, чектеш өлкөлөр менен өз-ара экономикалык кызыкчылыктарын шайкеш келтирүү, АКШ менен Арктика кызматташтыгынын күчөтүлүүсү, Дениз мыйзамы (BMDHS) боюнча Бириккен улуттардын келишими менен иштеген, айлана-чөйрөнү коргоого байланыштуу эң негизги дипломатиялык аракеттерин күчтөндүрүү жана бир гана мамлекеттин катышуусу менен Арктика изилдөө жана политикаларын борбордоштуруу болуп эсетелет.

Япониянын бай өлкө экенин айтууга болот, бирок экономикасы өндүрүшкө таянгандыктан энергия муктаждыктары жана күйүүчү каражаттары импорттолуп келет. Болгону бир мисал менен бул көз карандылыкты көрсөтүүгө болот: Америка Кошмо Штаттары Энергия Маалымат Башкармалыгынын билдирүүсү боюнча Япония энергия менен камсыз кылуу боюнча өзүнө жеткен болгону 16% күчкө ээ. Импорттолгон продукциянын алгачкы катарында суюк жаратылыш газы, экинчиден көмүр, үчүнчүдө мунай заты турат. Япония үчүн Арктика өлкөлөрүнүн дүйнөдө алган ордунан улам терең жана аралаш таасири болгон статегиялык мүмкүнчүлүк болуп саналат. АКШдагы геополитикалык багыт драмалык бир өзгөрүүнү көрсөтүүдө. Маанилүү өлчөмдө Арктика дипломатиясында бир өсүү болбой туруп, Япониянын эларалык мамилелерин кайрадан ирээтке келтирүүсү жана Токиого күчтүү позиция берилиши керек.

Токио кээ бир саясий рисктерди жашырып коюп, бул рисктерге каршы импорт байланыштарын ар түрдүү кылган. Ушул жылдын май айында Япониянын Ирандан алган мунай зат импортун эки эсеге жогорулатуу үчүн Вашингтон санкцияларды ишке ашыруу жолуна кайрылган. Мурунку жылга салыштырмалуу өзгөртүүлөр киргизип, кийин 6 ай Тегеран менен иш алып барган Япония ишканалары көңүлдү бурган. Фукусима кырсыгынан кийин ал менен алектенүүгө аргасыз болгон Япония салтуу энергия булактарын дагы да жакшырткан жана прагматикалык иш түшүнүгү менен бул абалда саясий тирешүү бузулган. Арктика Япониянын экономикалык муктаждыктары үчүн стратегиялык альтернатива жаратат жана ошол эле учурда дагы да ылдый көрсөткүчтөгү саясий чыгымдарга алып келет. Бул божомолдун чындыгында эң чоң жаратылыш газын импорттоочу Орусиянын, Түндүк жолуна, Японияга таасир берери айтылууда. Темир, темир ээритмелери жана башка металдар же электроникалык жана аскердик/космостук программалары сыяктуу жогорку кошумча нарктуу импорт продукцияларын өндүрүүдө колдонулган минаралдар (мисалы алмаз) сыяктуу индустириялык максаттардын ишке ашышы үчүн колдонула турган продукциялар жана чийки затты импортоо үчүн потенциалдуу болгонун көргөн Япониянын Түндүк уюлга кызыга баштаганын айтууга болот.

2. Япония, Түштүк Корея жана Сингапурдун Арктикага байланыштуу иш-аракеттери

Япония, Түштүк Корея жана Сингапур өзүнүн Арктика боюнча иш аракеттерин күчөтүүдө. Кытай жана Индия менен биргеликте бул мамлекеттер да 2013-жылы май айында Арктика кеңешинин дайымдуу көзөмөлчүсү катары кабыл алынышкан. Бул үч өлкөнүн Арктика менен дагы да олуттуу иш-аракеттеринин бар экендигине байланыштуу белгилер бар. Жапон өкмөтү келечектеги өз пайдасын бир эле жолу менен коргоого аларынан үмүттөнүп жатат. Анткени Япониянын Шпицберген келишиминдеги аймактардан тышкары аймактардагы жаратылыш ресурстарына жетүү үчүн мыйзамдуу түрдө акысы жок. Бирок бул алкакта чектеш өлкөлөр менен изилдөө жана өнүктүрүү иштерин улантууга уруксат берилген.

Япония географиялык жактан алып караганда Арктикага чектешпеген өлкө болуп эсептелет. Бирок Арктикада көп жылдардан бери изилдөө жасап келет. Япония 1957-жылдан азыркы күнгө чейин изилдөөлөр жасап, 1990-жылдан азыркы күнгө чейин Эларалык уюл илим комитетинин мүчөсү болгон. Япония өкмөтү конкреттүү жыйынтыктар үчүн насыя катары программаларын куруп берүүнүн маанилүү иш экенине ишенет. Бул боюнча Япониянын илимий изилдөө табылгаларын кеңейтүүгө байланыштуу иш-аракеттери бар. Мисалы, бул маселеге байланыштуу Арктика элчиси катары дайындалган. Ошону менен бирге Океан политикасынын негизги планы Арктика маселелерин да камтып турат жана Норвегияда мунай өндүрүүчү Япония ишканасы бар. Иш жана өндүрүш Япониянын Арктикага тиешелүү политикасынын өнүгүүсүндө чоң рол ойнойт. Бул көз караштан алып караганда алар Түндүк деңиз жолунун колдонуунун өнүктүрүүнү каалайт. Бирок Орусиянын Аймак, инфраструктура жана транспорт министирлиги Орус чеги менен Түндүк деңиз жолунун колдонулушу боюнча юридикалык сурамжалоолорду жүргүзүүдө. Арктикада буга окшогон министирликтердин иш-чаралары Япониянын ички саясий аренасында көңүл чордону болууда.

Түштүк Корея да Япония сыяктуу импорттолгон энергияга көз каранды. Бирок чет өлкөлөрдөгү энергия булактарын кепилдикке алуу боюнча бир аз кечигип калган. Бирок Арктикада энергия өндүрүү долбоорлорун иштеп чыгуудан күмөн санаган жок. Арктикага байланыштуу жүргүзүлгөн иш-чаралардын арасынан салыштырмалуу кирүү укугунун жардамы менен Түштүк Корея дагы да көп мүмкүн-

чүлүккө ээ болду. 2002-жылы Эларалык уюл илим комитетине толук мүчө болду жана Шпицбергенде алгачкы изилдөө станциясын ачкан. 2009-жылы изилдөө кемеси деп аталган Арон иш-аракетине баштаган жана 2012-жылы сентябрь айында өлкөнүн экс-башчысы Ли Миунг-Бак Гренландия жана Норвегияга иш сапары менен барган. Политика аренасында Түштүк Корея Арктиканы биринчилерден болуп тапкан, бирок Түштүк Кореяны Арктика кеңеши дайымдуу көзөмөлчү катары кабыл алган. Башка кээ бир Азия өлкөлөрүнө салыштырмалуу Түштүк Корея Арктикада жаңы энергия булактарын табуу маселеси боюнча чечкинсиздик көрсөткөн жок. Түштүк Корея өкмөтүнүн Улуттук негизги энергия планы 2008–2030-жылдар арасында бул чечкиндүүлүгүн белгилейт. Түштүк Корея үчүн Арктика аймагынын дагы башка пайдалуу жагы улуттук деңизчилик маселеси болуп эсептелет. Ушундай жол менен Түштүк Корея жүк ташуу иштеринде Түндүк деңиз жолун колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат. 2013-жылдын октябрь айында Түштүк Корея бул жолду колдонуу менен алгачкы жолу жүк ташуу саякатын ишке ашырган. Арктика политикасында Түштүк Кореянын стратегиялык жана маанилүү актор катары экени байкалууда. Жапония жана Түштүк Кореяга салыштырып караганда Сингапур уюл аймактарында жүргүзгөн иш-чараларын эртерээк баштаганын көрүүгө болот. Сингапур экватордун түндүгүндө Түндүк-чыгыш Азиядагы шаар өлкөсү катары Арктикага маанилүү кызыгуу көрсөтүүдө. Негизинен Сингапурдун ролу Түндүк деңиз жолунун колдонулушунда глобалдык жүк ташуу борбору катары көрүлөт. Бирок Сингапур Арктикада адис болгон жана Сингапур эканомикасы үчүн маанилүү болгон деңизчилик жана деңиз инжинериясын бул жерде колдонууну бир мүмкүнчүлүк катары баалайт. Ошол эле учурда Сингапур Арктикадагы жергиликтүү калктарга маани берилиши керек экендигин да белгилеген. Арктика Жапония, Түштүк Корея жана Сингапур үчүн бир жогорку деңгээлдеги политика болушу мүмкун эмес, бирок убакыттын өтүшү менен маанилүү боло баштаганын көрүүгө болот. Жапония акырындап Арктикада Жапон өкмөтү жана Жапон өндүрүшү үчүн логикалык жактан туура инвестицияларды жасоодо. Башка тарабынан алып караганда Түштүк Кореянын Арктикага байланыштуу беш жылдык планы күчтүү мамлекеттик колдоосунун бир көрүнүшү деп да айтууга болот. Бирок планды ишке ашыруу азырынча жаңы башталгыч этабында турат. Сингапур болсо, Арктикага байланыштуу политика жүргүзбөгөндүгүн, бирок Арктика жээктеш өлкөлөрү менен карама каршылыктуу келишим түзүүгө куштар экендигин жашырган жок.

Ошондой болсо да Жапония, Түштүк Корея жана Сингапур дүйнөнүн эң чоң деңиз соодасына ээ өлкөлөр болуп эсептелет. Негизинен бул өлкөлөр Арктика боюнча чечим чыгаруу жана эрежелерди коюу процессинде активдүү роль алуунун маанилүүлүгүн түшүнүшкөн. Жаңы абал ичинде Арктика кеңешинин дайымдуу көзөмөлчүлөрү катары бул өлкөлөрдө климаттык өзгөрүү, илимий изилдөөлөр жана соода мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу мыйзамдуу абалды тутунуу өкмөттөр жана ишканалар үчүн дагы да оңой боло баштады.

3. Арктика Башкаруусу жана Жапониянын дипломатиялык стратегиясы

Арктика көп жылдар бою ачылбаган бир аймак катары калган. Глобалдык ысуудан улам мөңгүлөрдүн ээриши менен "жаңы чек ара" түшүнүгү пайда болгон. Бул жаңы чек ара түшүнүгү бир нече өлкөдө уюштурулган конференциялар аркылуу талкууга алынган. Мөңгүлөрдүн ээрүүсү өлкөлөрдүн чындыгында каалаган нерсеси эмес эле, бирок глобалдык ысуунун себеби менен муздардын ээрүүсү мына ушундай түшүнүктүн пайда болушуна алып келген. Өлкөлөр климаттык ысуунун натыйжасында пайда болгон мөңгүлөрдүн ээрүсүн токтотуу үчүн бир нече алдын алуу иштерин жасоо керек экендигин түшүнүшкөн. Бул алдын алуу иштерин жүргүзгөн өлкөлөрдүн бирөөсү Жапония болуп эсептелет. Жапония өзүнүн улуттук кызыкчылыктарынын алкагында жогоруда аталган алдын алуу иштерине катышууда.

Негизги көз караш

Мөңгү менен капталуу болсо да, Түндүк океан суу болуп эсептелет жана бир нече суу эрежелерин камтып турат. Эл аралык укуктун деңизге тиешелүү эрежелери Бириккен Улуттардын Деңиз укугу келишиминде ачык аныкталган. Бул эрежелердин болушу менен жаңы Уюл келишимин түзүү кыйын болууда. Айрыкча АКШ жана Орусияны жаңы Уюл келишиминин түзүлүшү кооптондурууда. Бирок жаңы Уюл келишими Жапония үчүн бир мүмкүнчүлүк болуп эсептелет. Анткени бул келишим Арктикага жээктеш болгон өлкөлөргө эгемендүүлүк берет. Бул жээктеш өлкөлөргө бул жерде ресурстарды изилдөө жана өнүктүрүү иштерин жасоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Авам катары Арктикадай табият болот. Мындан тышкары бул уюл келишимине кол койгон өлкөлөр Арктиканын түзүлүшүнүн башкача экендигин, глобалдык ысуунун бул аймакка дагы көп таасир берип жаткандыгын жана ошондуктан мөңгүлөрдүн башка аймактарга салыштырмалуу дагы да көп ээрип жаткандыгын белгилеген. Айрыкча Бириккен улуттардын деңиз укугунун келишиминин жүргүзүлүшү өтө кыйын болгон бир келишим болуп эсептелет. Болгону индивидуалдык абалдарда колдонулуп жатат. Мисалы, Европа адам укуктарынын келишиминин 134-үнчү жээк өлкөлөрү айлана-чөйрөнүн корголушу үчүн алдын алуу иштерин жасап жатса, бир жээк өлкөсүнүн таңулган навигациясы кандай болсо да кээ бир оңдоолорго маселе жаратууда. Жапония БУУнун деңиз укугу келишимине баш ийүү менен өзүнүн улуттук кызыкчылыктары үчүн кээ бир келишимге туура келбеген иш-чараларды жасоодо. Башкача айтканда БУУнун деңиз укугу боюнча орток көз карашы жок. Жапония айрыкча деңиз коопсуздугу жана чөйрөдөн башка маселелер боюнча да долбоорлорду түзүүдө. Анткени Африканын дүйнөдөгү мунай заттын 13 пайызы, дүйнөдөгү газдын 10 пайызы менен камсыздаганын болжолдоодо. Бул ресурстардын дагы да колдонулбаганы аларга болгон кызыгууну дагы да жогорулатууда. Арктика келечекте глобалдык энергия суроо талабынын тең салмактуулугуна салым кошо ала тургандай бир потенциалга ээ. Жапония өзүнүн энергиялык талабы үчүн бул аймакта активдүү оорун ээлөөдө. Ошондуктан материктик деңгээлде ресурс издөө жана өнүктүрүү иштерине айрыкча маани берүүдө. Ошондуктан Жапония өзүнүн мунай жана газ

издөө иштери үчүн Улуттук Мекемеси (JOGMEC) жана Эл аралык кызматташтыктан кредит алууда. БУУнун деңиз укугу Арктика материгине жайгашууну уюштурган эрежелердин негизгисин уюштурат. Бул келишимге ылайык жээктеш өлкөлөрдүн эгемендүүлүк кылуу укугу бар. Ошондуктан жээк башталышынан 200 деңиз вал узактагы суулары жана 200 вал аркы бетиндеги сууларда бул эрежелер колдонулат. Жапониянын Арктикада изилдөө жана өнүктүрүү иштерин жасоо үчүн жээктеш өлкөлөр менен кызматташтык курууга муктаж. Бул жээктеш өлкөлөрдүн бирөөсү Орусия болуп эсептелет. Бул агымга каршы Жапониянын түзүлүшү табигий жана алуучу болуу болуп эсептелет. Бул боюнча Жапониянын аймактагы газ жана мунай заты үчүн кошумча талаптары да бар. Арктика аймагына болгон талап жай айында кышкы мезгилдей көп болбойт, бул жерде Европаны кошууга болбойт. Европанын электр энергиясына болгон талабы жогору. Ал эми Азияда бул талап кыш мезгилинде күчөйт. Жапониянын аракети болсо, активдүү прожектор алуу болуп эсептелет. Жапония муз капталган сууларга чийки мунай төгүлбөшү үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүүдө. Арктика океаны мунай базасын өнүктүрүү менен биргеликте негизги изилдөө учурунда болушу мүмкүн болгон кырсыктардын алдын алуу үчүн аракеттерди жасоодо. Чөйрөнү коргоо менен биргеликте бир нече долбоорлор даярдалууда. Ар бир кыймыл аракетти бул аймакта ресурс издөө жана өнүктүрүү аракети катары кабыл алышууда. Жапония бул аймакка жээктеш өлкөнүн бул аймакка болгон эгемендүү укуктарын таанылуусуна жана сырдуу кызматташтык курууга аракет жасоодо. Жапониянын ресурстарды изилдөө жана өнүктүрүү ишин жүргүзгөн өлкөлөрдүн тажыйырбасындан колдонуусу Жапониянын технологиялык адистигин көбөйүүсүнө себеп болууда. Сырдуу кызматташтык айрыкча Жапониянын энергия коопсуздугун камсыздаган бир ишкердүүлүк болуп эсептелет. Бул кызматташтыктын жээктеш өлкөлөр менен жүргүзүлүшү туруктуу, эларалык энергия жана суроо-талап деңгээли болуп эсептелет. Акыркы жылдарда Арктика же жаңы жүк ташуу жолдору маселеси көп талкууланууда. Бул жаңы жолдордун эң маанилүүсү Түндүк чыгыш өтмөгү болгон Орусиянын түндүк жээги болуп эсептелет. Бул жол Роттердам менен Йокохама арасындагы узактыкты 34%га азайтууда. Түндүк жолу Түштүк жолуна терс багытта болот. Мындан тышкары бул жолдун түзүлүшү олуттуу кызматташтыкты талап кылат. Европа жана Жапония арасындагы жүк ташуучу жолдор жүк ташуучу кемелерге ылайыкташтырылган эмес.

3.1. Жапония жана АКШ Кызматташтыгы

Коопсуздук боюнча карай турган болсок, Жапонияны каптаган стратегиялык чөйрөдөн улам Арктика океанын колдонуу оңойлошту. Мурун болгону «was» деп аталган чоң кемелер менен Арктика океаны аркылуу өтүү мүмкүн эле. Азыр болсо стратегиялык кызматташтык ортоктору менен Арктика океанынын чоң муздары бир маселе жаратпай калды. Арктикадагы бул муздар жаңы кемелерге тоскоолдук боло албайт. Айрыкча стратегиялык кызматташтык аскердик операциялардын жасалышын оңойлотту. Кытай акыркы жылдарды Арктика материгинде активдүү аракетттерди көрсөтүүдө. Кытайдын Арктикада өндүрүп чыккан атомдук курал жарактардын жетишкендигин көбөйтүү үчүн тажрыйбаларды жасоодо. Мунун жанында узак аралыкка атуучу куралдарды да, көп баштуу куралдардын тажрыйбасын да жасоодо. Бул абал АКШнын кызыкчылыктарына терс таасир берүүдө. АКШ бул себептен улам Кытайдын күчтөнүүсүн чектөө үчүн Кытайга эң жакын болгон Жапония менен стратегиялык кызматташтык курууга аракет жасоодо. Бул абал бир гана АКШ үчүн эмес, Кытайга жакын болгон Жапония үчүн да бир коркунуч болгондуктан, Жапония Арктика материгинде өзгөргөн стратегиялык шарттар алкагында дагы да көп ракеталык коргоо системасы боюнча кызматташтык жасоого аракет кылууда. Батыш тынч жана Беринг кысыгы Жапония деңизи боюнча өзгөртүлүшү керек. Орусия болсо Охотск деңизинин стратегиялык кызыкчылыктарын өзгөртүүшү керек. АКШ болсо азыркы учурдагы стратегиялык чөйрөдө пайда болгон өзгөрүүлөрдү биринчилерден болуп байкап, бул үчүн өзүнүн атынан дагы да көп тармактуу Арктика политикасын иштеп чыгат.

Бул политика президент Бушдун 2009-жылдагы январь айында алган чечими менен башталган. Бул чечим АКШ жабдуулануусу тарабынан "Арктика жолунун картасы" чийилген. Бул жол картасы Арктика океанында келечекте пайда болушу мүмкүн болгон өзгөрүүлөрдү жана божомолдорду да өзүнө камтып турат. АКШ бул стратегиялык өзгөрүүлөр үчүн иш-чараларды жүргүзүп жатса, Жапониянын кандай аракет кылып жатканы да кызыктырбай койбойт. Жапония да бул аймакта пайда болгон өзгөрүүлөрдү анализдеп жатат. Бул кызматташтык болгону куткаруу тармагында эмес, кандайдыр бир маселе чыкканда издөө жана куткаруу менен биргеликте бардык тармакты өзүнө камтып турат.

Вашингтон Келишими

1959-жылы Вашингтон аймагында бир келишимге кол коюлган. Бул келишим АКШ, Жапония жана СССР башында турган 55 өлкөнүн катышуусунда ишке ашкан. Бул келишимге ылайык Түндүк Арктика кол тийбестик статусуна ээ эле. Бул келишимге ылайык эч бир өлкө жана ишкана бул аймакта жайгашкан жер алдындагы ресурстарды чыгарууга укугу жок болчу.

Фукусима кырсыгы

Атомдук энергиянын шарттары үчүн Фукусима кырсыгынан 18 ай өткөн соң Жапония 2012-жылы 14-сентябрда жаңы энергия стратегиясын аныктаган. Бул стратегияда атомдук энергияга муктаж болбогон өзгөчө бир ишкана түзүлөт. Бул менен биргеликте Жапония өкмөтү атом калдыктарын колдонуу үчүн жеке өндүрүүчүсүн коргой албай жаткан. Бул учурда Франция да айлана-чөйрө боюнча конференция уюштурган. Франсуа Олланд айлана-чөйрө боюнча конференцияны ачып жатканда Жапония да Фесенайм атомдук электростанциясы 2016-жылдын аягына чейин жабылаары боюнча маалымат берген. Франсуа Олланд конференциянын Жапониянын бул чечими менен дагы да маанилүү рол алганын аныктаган. Жапония башынан өткөргөн кырсыктан кийин коомчулуктун оор сындоосуна алынган. Бир тараптан массалык маалымат каражаттардын сындоосу, экинчи тараптан атомго каршы жасалган иш-чаралар Жапония өкмөтүнүн бул чечимди алышына аргасыз кылган. Албетте бул сындоолор болгону өз коомчулугу менен чек-

телбестен, дүйнөлүк коомчулук да Жапонияны катуу сынга алган. Бирок бул жерде бир нерсени белгилеп кетишибиз керек: Жапония канчалык чоң кырсыкка кабылса да, бул кырсыктын оор таасирлеринен өзүн куткара алган. Бул атомдук жарылуудан кийин атомдук чаңдар атмосферага көтөрүлүп, тарай баштаган. Жапония шамал энергиясын да туура колдонуу менен бул атомдук чаңдарды атмосферада калып калуусунунун алдын алган. Албетте бул кырсык аларга 2-Дүйнөлүк согушунда АКШ тарабынан Жапонияга ташталган атом бомбаларын эстеткен. Бирок Жапония чечкиндүү кадам жасап, бул таасирдин дагы да көпкө калышынын алдын алган. Бул кырсыктан кийин атомдук энергия өндүрүшүнө чектөө киргизилген. Бул чечими менен Жапония дүйнөлүк коомчулукту ыраазы кылды. Жапония бул кырсыктын кесепетинен ар кандай алдын алуу иштерин аткаруу менен 14 айда кутула алган. Жапония өкмөт жетекчиси бул атомдук энергиянын дагы да көп таралуусунун алдын алуу үчүн эки илимпозду дайындаган. Бул эки илимпоз Оши энергия станциясына кирип, бул жердеги атомдук газ агуусун токтотууга аракет кылышы керек эле. Алгач бул чечим бул эки илимпоз үчүн өтө тобокелге алып баруучу бир чечим эле. Анткени бул адамдар бул жакка кирген учурда чоң атомдук токко урунушу мүмкүн жана бул алардын жашоосуна зыян алып келери шексиз. Ошентип бул эки илимпоздун станцияга кирүүсү бир тобокел иши эле. Албетте бул жерде ушул аракеттин экономикалык тарабы да бар. Бул иштин финансысы аз ишмердүүлүк эмес эле. Бул атом станциясынын жабылышы Жапониянын экономикалык жактан чоң жоготууга учурарын көрсөтүп жаткан. Бул атомдук станцияга илимпоздордун кирүүсүнө каршы Токиодо атомдук бомбага каршы иш-аракеттер жүрө баштаган. Бул басмырлоолордун жыйынтыгында жана калктын оор сындоого алышынан улам Жапония өкмөтү атомдук энергиянын азайтылуусу боюнча чечим кабыл алган. Бул чечим алынганга чейин бир жума мурун өкмөттө чоң талкууга себеп болгон бул чечимдин финансысы 600 миллиярд доллардан көп эле. Албетте Жапония бул чечимди алып жатып келечекте болушу мүмкүн болгон 8-күчтүү жер титирөөнүн тобокелдерин эсепке алуу менен бул чечимди кабыл алган. Анткени Жапония буга окшогон кырсыктын дагы да кайталанышын каалаган жок. Илим адамдары да ушундай күчтө боло турган бир жер титирөө божомолу Такай аймагында 87% көрсөтөрүн айтышкан. Мындай жер титирөө ыктымалы эске алынып, келечекте дагы мындай абалга кабылбоо үчүн Жапония атомдук энергияны азайтуу чечимин кабыл алган. Жапония алган чечимдердин алкагына атомдук кризистен 2040-жылга чейин чыгып кетүүнү пландашкан. Ошондуктан Жапония көңүлүн Антарктикага буруудa. Анткени Антарктикада эч ким тие элек мөңгүлөрдүн алдында мунай жана жаратылыш газы бар. Жапония мына бул ресурстарды колдонуу үчүн жээктеш өлкөлөр жана АКШ менен стратегиялык кызматташтыкка барган. Бул мунай заты жана газ энергиянын 30 пайызын түзөт. Айрыкча Жапония өндүрүштө колдонууга мүмкүн болбогон энергия түрүнө кирген күн энергиясы менен да алектенип жаткан. Жапония 2011-жылы 5 даана күн энергия берүүчү тактасына ээ болгон. 2009-жылы Жапония өкмөтү 28 даана күн энергиясын берүүчү тактайга жетүү үчүн 2020-жылга максат койгон. Бул сандан 2050-жылында 58ге жетээрин белгилеген. Бул күн энергиясынын атомдук энергиянын оордуна колдонуларын билдиришкен.

3.2. IPPC отчетуна мамлекеттердин аралашуусу

Женевадагы өкмөтттөр аралык климаттык өзгөрүү бөлүмү (intergovernement panel on Climate Change) 1988-жылдан тартып азыркы күнгө чейин БУУнун айлана-чөйрө программасы (UNEF) жана БУУга караштуу иштеген Дүйнөлүк метеорология уюму (WMO) тарабынан түзүлгөн. Дүйнөлүк климаттык кеңеши катары таанылган IPPC адамдар себеп болгон климаттык өзгөрүүлөргө болгон экономикалык, технологиялык жана социоэкономикалык маалыматтарды жалпысынан жана объективдүү түрдө, жыйынтыкка багытталган баалоо жүргүзүүнү максат кылууда. IPPCдин 2007-жылында климаттык өзгөрүү боюнча отчет даярдаган. Бирок бул даярдалган отчет кээ бир өлкөлөрдүн сындоосуна кабылды. Бул сындаган өлкөлөрдүн бирөөсү Жапония эле. Жапония отчетто кездешкен ураган маселесиндеги сөздөрдүн алмаштырылышын талап кылган. IPPC отчетунда глобалдык ысуунун жыйынтыгында циклондордун күчүнүн көбөйүшү мүмкүн экендиги айтылат.

Бул Катрина кырсыгы болгондо бардык социалдык медиа жана гезит журналдардын темасы климаттык өзгөрүү болгон. Жапония да мындай окуянын өз өлкөсүндө кайталануусунан кооптонгондугу үчүн бул түшүнүктүн колдонулушуна каршы болгон.

3.3. Киото протоколу

Киото протоколу 1997-жылы Киотодо түзүлүп, 1998-жылы 16-мартта Нью-Йоркто кол коюуга берилген. Азыркы күнгө чейин 84 тараптар өлкө тарабынан кол коюлган протокол, дале колдонула элек. Протоколдун колдонулушу үчүн 1990-жылындагы жалпысынан CO_2 эмиссиянын эң аз 55% милдеттүү болгон өндүрүш өлкөлөрүнүн ичинде орун ала турган 55 өлкө тарабынан бул протоколго кол коюлуш керек. Киото протоколу эскертүү берген соң Жапония CO_2 чыгарууларын 6% төмөн түшүрүү чечимин кабыл алган. Дүйнө калкынын 4%ын түзүп турган бирок глобалдык буу газынын эмиссиясынын 25%нан жоопкерчиликтүү болгон АКШнын Киото протоколунан баш тартуусунан кийин Конференциянын алгачкы күндөрүнөн баштап көңүлдөр Жапонияга бурула баштаган. Бирок Жапониянын тараптар болушу менен айтылып өткөн 55% толот. Европа Биримдигинин мүчөсү болгон 15 өлкө 1990–99-жылдардын арасында CO_2 эмиссияларынын 4%га түшүрүлгөнүн белгилеген. Ошентип Жапония АКШ, Европа Биримдиги жана «G77 /Кытай» тобунун катуу сындоосуна кабылган. Жапония айлана-чөйрө министирлиги Жуничиро Коизуму АКШ менен биргеликте жайгашкан «Кол чатыр тобу» ичине кирген өлкөнү Европа Биримдиги «G77/Кытай» менен элдештирүүгө аракет кылганын белгилөө менен Жапониянын көз карашы боюнча толук маалымат берген эмес. 2001-жылдын 23-июлунда он жылдан бери созулуп келе жаткан сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында АКШдан тышкары 177 өлкө Киото протоколунун кандайча иштеши боюнча келишимге барышкан. Жапония, Канада жана Австралия тарабынан протоколго кол койгон мамлекеттер оор жоопкерчилик алуусуна каршы келүүлөрү, бул өлкөлөрдүн өз жерлеринде жана CDM жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрүндө өстүрө турган токой талааларына (sinks)

кредит берүү менен жабылышы керек экендигин белгилеген.

Корутунду

Жапония Арктика изилдөөлөрүнө байланыштуу долбоорлор жана политикалар аркылуу АКШ, Кытай сыяктуу чоң өлкөлөргө каршы өзүнүн кызыкчылыктарын коргоого аракет кылууда. 2013-жылдан тартып Түндүк уюлдун глобалдык ысуудан таасирленүүсү жана экономикалык иш-чаралардын көптүгү Жапония илимпоздору жана изилдөө институттары тарабынан бааланган. Жогорку технологияга ээ болгон Жапония Кытай, Түштүк Корея, Сингапур, Орусия жана АКШ сыяктуу бул аймакта гегемонияларын түзүүнү каалаган өлкөлөргө орток болгон.

Бул изилдөө ишин баштагандан мурун Арктика аймагынын дүйнөдөгү бир нече мамлекеттер үчүн мынчалык мааниге ээ экендигин билген эмеспиз. Айрыкча аймакка байланыштуу бул өлкөлөрдүн аймакка географиялык жактан жакын болуусу жана алыс болушу бир мааниге ээ эмес. Анткени ар бир өлкө бул аймактагы ресурстарды билет жана аздыр-көптүр бул ресурстардан пайдаланып калуу жарышына түшүшкөн. Темабыздын мазмунун түзүп турган Азия өлкөлөрүнүн Арктикага байланыштуу политикаларын карай турган болсок, өлкөлөрдүн ошол эле кызыкчылыкты көздөгөнүн көрүүгө болот. Бул жердеги ар бир өлкө өзүнүн жеке улуттук кызыкчылыгынын негизинде Арктика политикасын жүргүзүүдө. Жыйынтык катары Арктиканын маанилүүлүгү күндөн күнгө өскөндүгүн жана өлкөлөрдүн бул аймак боюнча ичинен жана тышынан дагы да конкреттүү политикаларды жүргүзөрүн ишеничтүү айта алабыз.

Жапония бул жерде айлана-чөйрөнүн корголушуна байланыштуу кызматташтыктарды да ишке ашырган. Булардын бирөөсү Киото протоколу болуп эсептелет. Жапония бул протоколго кол коюуу менен атмосферага зыян алып келген жана глобалдык ысууга себеп CO2 эмиссияларынын азайтылуусун кабыл алган. Берилген маалыматтардын негизинде алган жыйынтыктар Жапониянын келечекте дүйнөгө багыт көрсөтүүсү күтүлгөн бул аймакка канчалык маани берери көрсөтүүдө. Бул аракетин анын бул максатта башка өлкөлөр менен стратегилык кызматташтык куруугa аракет жасоосунан да байкай алабыз. Ошону менен бирге бул жерде айлана-чөйрөнүн корголушу үчүн жасаган келишимдер да Жапониянын бул жердин талкалануусунун алдын алып жатат деген жыйынтыкты чыгарабыз. Бул жерде белгилеген маалыматтарга таянуу менен бул аймактын Жапония үчүн канчалык деңгээлде маанилүү экендигин көрө алдык жана каалаган максатыбызга жеттик деп ойлойбуз.

Адабияттар:

1) Heininen, Lassi, 'State of theArcticStrategiesandPolicies', (2012),1-б.

.http://www.arcticyearbook.com/index.php/table-of-contents)

2) NN,'ArcticCooperationandpolitics',

http://en.wikipedia.org/wiki/Arctic_cooperation_and_politics

3) Heininen,Lassi, 'State of theArcticStrategiesandPolicies', (2012), 2-б.

.http://www.arcticyearbook.com/index.php/table-of-contents

4) Heininen, Lassi, 'State of theArcticStrategiesandPolicies', (2012), 44-б.

.http://www.arcticyearbook.com/index.php/table-of-contents

5) Masters,Jonathan,'TheThawingArctic:RisksAndOpportunities',

http://www.cfr.org/arctic/thawing-arctic-risks-opportunities/p32082

6) Jakobson, Lee, Linda, Seong-Hyon. 'The North East AsianStates' Interests in theArcticandPossibleCooperationwith theKingdom of Denmark', (Сентябрь, 2018), 19-б.

7)NN, 'Japon andRussia:ArcticFriens' , (01.09.2014)

8) Jakobson, Lee, Linda, Seong-Hyon. 'The North East AsianStates' Interests in theArcticandPossibleCooperationwith theKingdom of Denmark', (Сентябрь, 2018), 20-б.

9)Tonami,Akİ,'ArcticNewcomers:Japan,SouthKoreaandSingapore, (04.09.2018)

http://www.eastasiaforum.org/2014/02/15/arctic-newcomers-japan-south-korea-and-singapore/

10) Jakobson, Lee, Linda, Seong-Hyon. 'The North East AsianStates' Interests in theArcticandPossibleCooperationwith theKingdom of Denmark', (Сентябрь, 2018), 20-б.

11)Tonami,Watters,Aki,Stewart, 'Japan'sArcticPolicy: TheSum of ManyParts',(2012), 4-б.

http://www.arcticyearbook.com/images/Articles_2012/Tonami_and_Watters.pdf (Сентябрь, 2018)

12)NN,'Japon in the US Pacific AllysystemandArctics geopolitics',(05.09.2018)

13)NN,'Japon in the US Pacific AllysystemandArctics geopolitics',(05.09.2018)

http://theworldoutline.com/2013/09/japan-and-arctic-geopolitics/ (05.09.2018)

14)Tonami,Watters,Aki,Stewart, 'Japan'sArcticPolicy: TheSum of ManyParts',(2012), 7-б..

http://www.arcticyearbook.com/images/Articles_2012/Tonami_and_Watters.pdf (05.09.2018)

15) NN,'Japon in the US Pacific AllysystemandArctics geopolitics',(07.09.2018)

http://theworldoutline.com/2013/09/japan-and-arctic-geopolitics/ (08.09.2018)

16) Tonami,Watters,Aki,Stewart, 'Japan'sArcticPolicy: TheSum of ManyParts',(2012), 8-б.

http://www.arcticyearbook.com/images/Articles_2012/Tonami_and_Watters.pdf (08.09.2018)

17) Tonami,Watters,Aki,Stewart, 'Japan'sArcticPolicy: TheSum of ManyParts',(2012), 11-б.

http://www.arcticyearbook.com/images/Articles_2012/Tonami_and_Watters.pdf (08.09.2018)

18) Tonami,Watters,Aki,Stewart, 'Japan'sArcticPolicy: TheSum of ManyParts',(2012), 11-б.

http://www.arcticyearbook.com/images/Articles_2012/Tonami_and_Watters.pdf (09.09.2018)

19) Kavas,AlpYüce,'Rusya'nın Arktik Politikası ve Türkiye' ,(21.01.2014)

www.bilgesam.org/incele/78/-rusya'nin-arktik-politikasi-ve-turkiye/. (09.09.2018)

20) Asari,Hideki,' ArcticGouvernanceandJapan'sDiplomaticStrategy',(2018),s.4.

https://www2.jiia.or.jp/en/pdf/research/2012_arctic_governance/08e-recommendations.pdf (10.09.2018)

21) Koivurova,,J.Molenaar,Timo,Erik,'İnternationalGouvernanceandRegulation of the Marine Arctic',(10.09.2018)

22) NN,'Japon in the US Pacific AllysystemandArctics geopolitics',(11.09.2018)

http://theworldoutline.com/2013/09/japan-and-arctic-geopolitics/ (11.09.2018)

23) Koivurova,,J.Molenaar,Timo,Erik,'İnternationalGouvernanceandRegulation of the Marine Arctic', http://www.cfr.org/region/japan/ri232?page=3 ,(11.09.2018)

24) AkiTonami, 15 Şubat 2014, ''Arcticnewcomers: Japan, South KoreaandSingpore'' http://www.eastasiaforum.

org/2014/02/15/arctic-newcomers-japan-south-korea-and-singapore/ (12.09.2018)

25) StratosPourzitakis, 3 Şubat 2014, ''Japan andRussia: ArcticFriends'' http://www.cfr.org/energy-policy/diplomat-japan-russia-arctic-friends/p32331 (12.09.2018)

26) StratosPourzitakis, 3 Şubat 2014, ''Japan andRussia: ArcticFriends'' http://www.cfr.org/energy-policy/diplomat-japan-russia-arctic-friends/p32331 (12.09.2018)

27) LindaJakobsonandSeong-Hyon Lee, Nisan 2013, ''The North East AsianStatesInterests in theArcticandPossibleCooperationwithTheKingdom of Denmark'' s. 23 http://www.sipri.org/research/security/arctic/arcticpublications/NEAsia-Arctic.pdf (12.09.2018)

28) StratosPourzitakis, 3 Şubat 2014, ''Japan andRussia: ArcticFriends'' http://www.cfr.org/energy-policy/diplomat-japan-russia-arctic-friends/p32331 (12.09.2018)

29) AkiTonami, 15 Şubat 2014, ''Arcticnewcomers: Japan, South KoreaandSingpore'' http://www.eastasiaforum.org/2014/02/15/arctic-newcomers-japan-south-korea-and-singapore/ (12.09.2018)

30) LindaJakobsonandSeong-Hyon Lee, Nisan 2013, ''The North East AsianStatesInterests in theArcticandPossibleCooperationwithTheKingdom of Denmark'' s. 23 http://www.sipri.org/research/security/arctic/arcticpublications/NEAsia-Arctic.pdf (13.09.2018)

31) StratosPourzitakis, 1 Şubat 2014, ''Japan andRussia: ArcticFriends'' http://thediplomat.com/2014/02/japan-and-russia-arctic-friends/ (13.09.2018)

32) Hideki, Asari; (2013); "Arctic Yönetişim ve Japonya'nın Diplomatik Stratejisi", 1-6. http://translate.google.co.uk/translate?hl=tr&sl=en&u=https%3A%2F%2Fwww2.jiia.or.jp%2Fen%2Fpdf%2Fresearch%2F2012_arctic_governance%2F08e-recommendations.pdf&prev=search,(13.09.2018)

33) Bridiger, Gilles;(2010); "Offshorepétrolier, terrain glissant", http://www.slate.fr/story/22467/maree-noire-offshore-petrolier-BP-poles-pollution-catastrophe, (13.09.2018)